

“Азыраак айттым сөздөрдү, айламдын гана жогунан...”

7-БЕТ



Түрк дүйнөсүн тамшандырган Калипа Таштанова

8-БЕТ



Уланбек МАМБЕТАКУНОВ:

“Айрым мектептерге даярдыгы жок директорлор келди деген ойго кошулбайм”

9-БЕТ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG Жума, 2022-жылдын 11-ноябры №98 (3433)

Медер АЛИЕВ:

## "АРАБЫЗДА ЖЕМКОРЛУККА МАЛЫНГАН, АРТЫНДА КАЛБЫР ИШТЕРИ БАРЛАРЫ ДА БАР"



3-БЕТ

Банк Азии

**ЗАО «Банк Азии»**
**информирует о выпуске первых Гендерных облигаций**

- **Вид ценных бумаг:** свободно обращающиеся, именные процентные, бездокументарные, необеспеченные облигации с суженным сроком действия (с правом досрочного погашения);
- **Форма выпуска:** бездокументарная, в форме записей на счетах;
- **Количество ценных бумаг, предполагаемых к публичному предложению:** 82 000 (восемьдесят две тысячи) экземпляров;
- **Номинальная стоимость ценной бумаги:** 1 000 (одна тысяча) сомов;
- **Объем эмиссии:** 82 000 000 (восемьдесят два миллиона) сомов;
- **Срок обращения ценных бумаг:** 36 (тридцать шесть) месяцев с даты начала размещения облигаций;
- **Способ размещения облигаций:** публичное предложение;
- **Доходность бумаг:** 12 % годовых;
- **Дата и номер государственной регистрации:** 09.11.2022 г. KG 0201105119
- **Место и порядок ознакомления с проспектом эмиссии:**

*ЗАО «Банк Азии»*
*720016, Кыргызская Республика,*
*г. Бишкек, проспект Чынгыза Айтматова, 303, СЭЗ «Бишкек»*
*Тел.: +996 (312) 55-00-01, Факс: +996 (312) 55-01-82,*
*e-mail: bankasia@bankasia.kg,*
*www.bankasia.kg*

*ОсОО Финансовая Компания «СЕНТИ»*
*Юридический адрес: Кыргызская Республика, г. Бишкек пр. Чуй 219, 9-этаж (пер.Тоголок Молдо)*
*Телефон: +996 (312) 61-45-89, 61-46-21, Факс: +996 (312) 61-00-25*
*e-mail: senti@senti.kg;*
*www.senti.kg*

## АКШ ТАЖИКСТАНГА КЕЗЕКТЕГИ ЖАРДАМЫН БЕРДИ



АКШ бийлиги коңшу Тажикстанга чек араны коргоо үчүн 10 аскердик унаасын бергени белгилүү болду. Кызыгы, жалпы баасы 858 миң, 818 долларлык унаалар коңшу Тажикстандын чек ара тилкелеринин катаал шарттарында операцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берет экен. Албетте, АКШ жардамын бере берсин, анысына ич тардык жок деңизчи. Кептин баары Кыргызстан үчүн “сөөк өчтүү” душманга айланган коңшу аймакка берилген жардамда болууда. Мындай шартта Жараткандан эл-жерибизге тынчтык, айрыкча, куралдуу күчтөрдө кызмат кылышкан жоокерлерибизге күч-кубат тилебесек болбойт го? Буга чейин кайсы коңшубуздун оюу бузук экенин жакшы эле билдик да.

"Эркин-Тоо"
*гезитине жазылууну эстен чыгарбаңыз!*

**2023-жылдын I жарым жылдыгына жазылуу баасы:**
**Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 6 айга:**
**которуу жолу менен – 1373 сом 52 тыйын;**
**накталай төлөө жолу менен – 1398 сом 00 тыйын.**
**КРнын Нормативдик акты журналына жазылуу баасы 6 айга:**
**Которуу жолу менен – 1536 сом 00 тыйын**
**Накталай төлөө жолу менен – 1563 сом 43 тыйын.**

***Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат.***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Иш-жума

# ТҮРКИЯ ИШЕНИМДҮҮ ДОС

Шейшемби күнү Президент Садыр Жапаров Кыргызстанга иш сапары менен келген Түркия Республикасынын Ички иштер министри Сулейман Сойлуну кабыл алды.

Анда кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүү жана эки өлкөнүн ортосундагы коомдук коопсуздук, жарандык коргонуу жана мыйзамсыз миграцияга каршы күрөшүү жаатындагы макулдашууларды ишке ашыруу жана башка актуалдуу багыттар боюнча пикир алмашуу болду.

«Түркия биз үчүн бир тууган мамлекет жана ишенимдүү дос. Кыргызстан Түркия менен өз ара аракеттенүүгө өзгөчө маани берет», - деген Президент Садыр Жапаров, эки тараптуу мамилелер мындан ары да чыңдала беерине ишеним билдирди.

Ал эми Сулейман Сойлу кыргызстандык кесиптештер менен биргеликте коопсуздукту камсыздоо, терроризм жана экстремизм, мыйзамсыз миграция жана баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү жаатында кызматташуу боюнча кеңири сүйлөшүүлөр болгонун айтты.



## УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ КЫЗМАТТАШУУГА УМТУЛАБЫЗ

Президент Садыр Жапаров 9-ноябрда Франциянын ири мамлекеттик энергетикалык компаниясы "Электрисите дэ Франстын" аткаруучу директору Беатрис Бюффонду кабыл алды.



Анда кызматташтыктын келечеги, инвестиция, энергетика жана энергиянын кайра жаралуучу булактары тармактарында биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу жөнүндө пикир алмашуу болду. "Жашыл экономиканы өнүктүрүү" сыяктуу республика үчүн маанилүү багытта кызматташтыкка кызыгуусу жана ниети үчүн компания өкүлдөрүнө ыраазычылык билдирген Садыр Жапаров: "Энергетика тармагын ийгиликтүү жана туруктуу өнүктүрүү маселеси өлкө үчүн абдан актуалдуу. Кыргыз Республикасы учурда жаңы өндүрүүнүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп жатат жана жеке сектордун "жашыл" энергетикага" өтүү боюнча демилгелерин жогору баалайт", - деди. Ошондой эле Кыргызстанда жагымдуу инвестициялык климат түзүлгөнүн белгилеп, кызматташууга даяр экенин айтты.

Беатрис Бюффон француз ишканасы Кыргызстандын гидроэнергетика тармагына инвестиция салууга кызыкдар экенин жана узак мөөнөттүү кызматташууга умтулаарын белгилеп өттү.

## ӨНҮККӨН ӨЛКӨЛӨР ИЛИМГЕ ТАЯНЫП АЛДЫГА ЖЫЛУУДА

Кечээ Президент Садыр Жапаров окумуштууларды жана илимий ишмерлерди кесиптик майрамы – Илим күнү менен куттуктады.

"Дүйнө жүзүндө жыл сайын 10-ноябрда коомчулуктун илимге болгон аң-сезимин арттыруу үчүн Бүткүл дүйнөлүк илим күнү белгиленет. Ошондон улам, Кыргызстанда дагы илимдин жана илимпоздордун ролуна зор маани берүү максатында ал кесиптик майрам катары белгиленип келет.

Учурда мамлекетибиз дүйнөлүк атаандаштыкка туруштук берип, андан ары өсүп-өнүгүп кетүүсүнө өбөлгө түзө турган илимий багыттарды аныктоого умтулууда. Бул багытта ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тиешелүү илимий мекемелер менен тыгыз карымкатышта иш алып барышы керек.

Өнүккөн өлкөлөр бардык иш-аракеттеринде илимге таянып алдыга жылууда. Дүйнөдөгү эң ири университеттер жөн гана билим берүү мекемелери эмес, баарынан мурда фундаменталдык жана прикладдык илимди өнүктүрүү борборлору болуп саналат.

Биз дагы мамлекеттик деңгээлде дүйнөлүк тенденцияга багыт алуудабыз.

Бул жана башка аракеттер сиздердин кесипкөйлүгүңүздөр жана бай тажрыйбаңыздар менен ишке ашат. Сиздердин илимге кошкон салымыңыздар келечекте мамлекетибиздин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырууга өбөлгө болоруна терең ишенем. Бул максатка жетүү үчүн сиздерде жетишерлик илимий потенциал жана өлкө жетекчилигинин саясий эрки бар», – деп айтылат куттуктоодо.

## ЖАШТАР БИЗДИН НЕГИЗГИ ТАЯНЫЧЫБЫЗ ЖАНА БӨКСӨРГҮС БАЙЛЫГЫБЫЗ

Президент Садыр Жапаров 10-ноябрда өлкөнүн жаштарын Жаштар күнү менен куттуктады.

**Куттуктоодо:**

"Дүйнө жүзү ушунчалык тез ыргакта өнүгүп, технология, инновация жана башка тармактарда күнүгө болуп жаткан жаңылануулар, өзгөрүүлөр менен кошо жаңы чакырыктар да чыгып жаткан маал. Мына ушундай кырдаалда Кыргызстандын жаштары улуттук кызыкчылыкты алдыга коюп, өлкөбүздүн өнүгүүсү үчүн бир максатты көздөп, ар тараптуу далалат кылып жаткандыгы кубандырат!

Жаштар биздин негизги таянычыбыз жана бөксөргүс байлыгыбыз деп билем. Кечээ жакындагы Баткен окуяларында жаштыгын Мекен чегине арнап, берген антына бекем туруп, өлкөбүздүн эгемендиги үчүн өмүрүн аябаган жоокерлерибиздин эрдиктери эч качан унутулбайт. Дегеле өлкө башына кандай кыйынчылык түшпөсүн, Ата Мекендин "жеңилин жерден, оорун колдон алган" жаштарыбыз четтен чыгат. Дүйнөнү каптаган коронавирус апаатында, Баткендеги куралдуу кагылыштарда социалдык курч көйгөйлөрдү чечүүдө жана өлкөнүн башына түшкөн башка мүшкүл иштерде биздин жаштарыбыз кыргыз элине арка-бел болуп беришти. Мындай жаштары бар кыргыз эли эч качан башын жерге салбайт!

Өлкөнүн өнүгүүсүнө салым кошууга кол сунган жигердүү жаштарды мамлекет ар дайым кучак жайып тосуп алат. Себеби, адам ресурстарына инвестиция жасоо — биздин ийгиликтерибиздин башкы ачкычы. Мына ошондуктан, мамлекет жаштарды колдоого багытталган аракеттерди жасап келет.

Мындай жаштардын андан ары өнүгүүсүнө шарт түзүп берүү – мамлекеттин бирден-бир милдети. Ошол себептен таланттуу жаш муун өкүлдөрүнө чет өлкөдө билим алууга колдоо көрсөтүү жана дем берүү максатында жаңы муундун адистерин даярдоо боюнча "Эл үмүтү" эл аралык стипендиясы уюштурулган", - деп айтылат.

## ПРЕЗИДЕНТ САДЫР ЖАПАРОВ САМАРКАНД ШААРЫНДА

Кечээ Президент Садыр Жапаров Өзбекстан Республикасына иш сапары менен барды.

Самарканд шаарынын эл аралык аэропортуна түшкөн Президент Садыр Жапаровду Өзбекстан Республикасынын Премьер-министри Абдулла Арипов тосуп алды.

Аэропорттун флагштокторунда Түрк мамлекеттеринин уюмунун (ТМУ) катышуучу мамлекеттеринин башчыларынын Саммитинин тогузунчу жыйынына катыша турган өлкөлөрдүн мамлекеттик желектери илинип, килем төшөлүп, ардак карool тизилди.

Мамлекет башчысы иш сапарынын алкагында ТМУга мүчө-өлкөлөрдүн башчыларынын Саммитинин тогузунчу жыйынына катышат. Ошондой эле жогорку деңгээлдеги бир катар жолугушууларды өткөрөт.

## ЖАГЫМДУУ БИЗНЕС-ЧӨЙРӨ ЖАНА ИНВЕСТИЦИЯЛЫК КЛИМАТ



Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев JIA бизнес-ассоциациясы уюштурган «BIF - 2022» Бишкек инвестициялык форумуна катышты.

Көп жылдан бери өтүп келе жаткан Бишкек инвестициялык форуму Борбор Азиядагы эң ири бизнес-форумдардын бири катары таанылып, көптөгөн мамлекеттердин ишкерлеринин башын бириктирүүдө.

«Өлкө жетекчилиги инвестициялык климатты жакшыртуу жана туруктуу экономикалык өсүштү стимулдаштыруу боюнча чараларды көрүп жатат. Алдын ала маалыматтар боюнча, чет өлкөлүк инвестициялардын көлөмү оң динамикага ээ болуп, 628 млн долларды түзөт. Чет өлкөлүк түз инвестициялардын негизги көлөмү геологиялык чалгындоо, кайра иштетүү, тоо-кен, дүң жана чекене соода, маалымат жана байланыш, ошондой эле финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу ишканаларына багытталган. Үстүбүздөгү жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча ИДПнын көлөмү 597 млрд сомду түзүп, былтыркы жылдын январь-сентябрь айларына салыштырмалуу 7,2%га өстү», - деди Бакыт Төрөбаев.

Бүгүнкү күндө ишкерлердин финансылык ресурстарга жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү боюнча мамлекеттик долбоорлор ишке ашууда.

"Эркин-Тоо" пресс

Калктын камын көр

# ЭЛ ӨКҮЛДӨРҮ ЭЛ АРАСЫНДА

10-ноябрда Жогорку Кеңештин төрагасы Нурланбек Шакиев Алай районундагы иш сапарынын алкагында аймактагы жолдордун абалы менен таанышты.

Ошондой эле төрага Гүлчө-Корул-Суук-Дөбө автоунаа жолунун асфальтталган бөлүгүн ачуу аземине катышты. Жергиликтүү эл менен жолугушууда, жол – өлкөнүн күрөө тамыры экенин белгилеген Нурланбек Шакиев, мамлекет тарабынан калктын социалдык-экономикалык маселелерин чечүүгө өзгөчө басым жасалып, акыркы жылдары айыл-шаарлардагы жолдорду оңдоо иштери жигердүү уланып жатканын кошумчалады. “Жолубуз оңолсо, ишибиз оңолот. Андыктан жолдорду куруу жана калыбына келтирүү – мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыты болуп эсептелет. Айрыкча алыскы жолдорду жаңылоо, табияты катаал айылдардагы каттамдарды жакшыртуу иши мындан ары да уланат. Анын ичинен келечекте Алай менен Кара-Кулжа райондорун байланыштыра турган жол салынса, бул аймактын экономикасы үчүн өтө маанилүү” деди Н.Шакиев. Жолугушууда ал жергиликтүү элдин социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн укту.



Андан соң Жогорку Кеңештин төрагасы Нурланбек Шакиев баштаган депутаттар Гүлчө айылында жайгашкан Кадырмамат уулу Абдыразак атындагы жатак мектеп-интернатынын абалы менен таанышты. Бул 1977-жылы курулган мектеп-интернатта 337 окуучу окуйт. Билим берүү мекемесинин жамааты имараттын жылуулук системасын жана терезелерин жаңыртуу, чатырын толук алмаштыруу керектигин, жана мектеп-интернатын лицей катары кайра түзүү сунушун айтышты. Төрага айтылган көйгөйлөр эске алынарын белгилеп, тиешелүү министрликке мекеменин макамын өзгөртүү маселесин карап чыгууну табыштады.

### БАЛА БАКЧА ИШКЕ КИРДИ

Алай районундагы Жошолу айыл аймагында жаңы бала бакча ишке берилди. Анын ачылыш аземине төрага Нурланбек Шакиев, Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Зияидин Жамалдинов катышты.

Бала бакчанын курулушуна республикалык бюджеттен 23 млн сом акча каражаты бөлүнгөн. 90 балага ылайыкташтырылган бала бакча ички эмерек, заманбап жабдуулар менен камсыз болгон.

### ЖАҢЫ ҮЙДҮН АЧКЫЧЫ ЖАНА 100 МИҢ СОМ ТАПШЫРЫЛДЫ

Алай районунун ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген тургуну Чырмаш Байтуровго төрага Н.Шакиев жаңы турак үйдүн ачкычын жана Жогорку Кеңештин төрагасынын резервдик фондунан 100 миң сом акча каражатын тапшырды.

Белгилей кетсек, Ч. Байтуровго берилген бул үй депутат Улан Примов тарабынан курулган.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**



Чындыкка карай

Бул эл өкүлү менен мындан туура 9 жыл мурун эркин гезиттерге маек алгам. “Бала баатыр” анда саясатта жаңыдан “тиш кагып” келе жаткан, арканды алыс ыргытканга ынтызарлыгы менен айырмаланган. Андан бери каарманым такшалып, тажрыйба күтүп, бүгүн кадыресе чоң саясатчынын образын туюнтууда. Жаштыгына карабай парламенттин белдүү депутатына айланган эл өкүлү менен учур кырдаалында баарлаштым.

“Ишеним” фракциясынан Жогорку Кеңештин депутаты Медер АЛИЕВ:

# “КЕМПИР-АБАД ТЕМАСЫ КӨП “САЯСИЙ ӨЛҮКТӨРДҮ” ТИРИЛТТИ”

**- Медер мырза, парламенттин астанасын өзүң сыяктуу алгач аттаган айрым кесиптештериң улуттун кызыкчылыгы үчүн эл тараптын сунушуна моюн сунуп, бийликтин суранычына моюн толгогондой жүрүштөрү белгилүү болууда. Ыңгайы келсе сен дагы бийликтин позициясына туура келген чечимдерге каршы добуш бере аласыңбы?**

- Дүйнөлүк тажрыйбада жана биздин Баш мыйзамда белгиленген парламенттин 3 тикелей милдети бар:

1-Мыйзам чыгаруу.
2-Өкүлчүлүк кылуу.
3-Көзөмөлдөө.

Парламент эл тарабынан шайланат жана элдин өкүлчүлүгү болот. Бийлик менен элдин ортосунда көпүрө болуп, сапаттуу мыйзамдарды чыгарат жана ошол мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөйт. Бизде “чоң деңгээлдеги саясатчы болуш үчүн Орусиячыл же Батышчыл болушуң керек” – деген жазылбаган “эреже” бар эмеспи. Аныгында мындай “эрежениң” болушу туура эмес. Эң оболу тарыхта кала турган саясатчы болгуң келсе, сен сөзсүз түрдө кыргызчыл болушуң керек. Кыргыздын саясатын, кыргыздын кызыкчылыгын колдой турган болушуң абзел. Ошондой эле бул маселеде сен бийликчил же оппозициячыл эмес, эл тараптагы саясатчы болушуң зарыл. Бир беткей эле бир тараптыкын туура дей бергениң болбойт! Эң оболу элдин кызыкчылыгын колдогон, сапаттуу мыйзамдарды чыгарган эл өкүлү болуш керек деген пикирдемин. Албетте, бийлик туура эмес иш кылып жатса анда сөзсүз түрдө адилеттүү пикирди айтып, туура жол көрсөткөнгө аракет кылыш абзел.

**- Парламенттин учурдагы курамына сын көп. Эл өкүлү катары маселени ичтен биле баштадың да, азыркы чакырылыш эмнеси менен сени иренжитүүдө?**

- Молдованын мурунку Конституциялык сотунун төрагасы, атактуу Венециялык комиссиянын мүчөсү, эл аралык деңгээлдеги тажрыйбалуу юрист, эксперттин “эгерде кайсыл бир мамлекетте Конституциялык сотту эл жакшы иштеп жатат десе, демек, ал мамлекетте бир нерсе туура эмес. Ал мамлекетте баары жакшы эмес” – дегени бар. Анын сыңарындай кайсыл бир мамлекетте, анын ичинде Кыргызстанда дагы элдин баары таң эрте туруп “парламент сонун иштеп жатат” – дешсе демек, мамлекеттин бир нерсеси туура эмес болуп жатат деген кабарды берсе керек. Себеби, парламент сөзсүз түрдө элдин элегинен өтүп, элдин сынына айланган институт. Көп учурларда парламенттин мүчөлөрү толук кандуу парламентарийлердин функционалдык милдеттерин түшүнбөгөндөн болушу мүмкүн. Анткени, парламенттин мүчөлөрүнүн баардыгы юрист эмес. Баардыгы бул тармакта билим-илимге умтулуп, окуп-билип, парламенттин табиятын, тарыхый миссиясын, мамлекеттик түзүлүш жаатын изилдешкен эмес да. Эл өкүлдөрүнүн арасында бычакка сап боло турган, элдин камын ойлогон да эр-азаматтарыбыз жок эмес. Ошого удаа арабызда жемкорлукка малынган, артында калбыр иштери барлары да бар. Ошолор элге акыл үйрөтүп, мыйзамдарды кабыл алганда ичиң муздап, кээ бир учурда ачууланган сезимдерин болот. Дагы кошумчалаар сөз: Эл өкүлү болуп шайланган соң жеке бизнесиң, жеке компанияларыңдын кызыкчылыгын эмес, элдин кызыкчылыгын ойлошуң керек.

**- Өзүң жакшы билесиң, Кемпир-Абад маселесинин айынан кыргыздын жаш уланкыздары бирөөлөрдүн жетеленмесине кирип, саясаттын “курмандыгы” болуп жатат. Мындай шартта жаңы муундагы, жаңы формациядагы саясатчы катары бул жагдайга карата ачык билдирүү менен чыксаң болот беле?**

- Мамлекетте сөзсүз түрдө сөз эркиндиги болуш керек! Жаш активисттердин, жарандык коомдун өкүлдөрүнүн, өзгөчө кыз-келиндердин камакка алынышын туура көрүнүш деп ойлобойм. Эгерде камалган адамдардын арасында мамлекетти басып алуу аракеттери чынында болгон болсо, андайларга сөзсүз катуу жаза берилиши керек. Өлкөдө мыйзам деген болуш керек да, туурабы? Жок, андай болбой, болгону бийликтен айырмаланган альтернативдүү көз-карашы үчүн камакка алынышкан болсо анда бул мамлекеттин өнүгүүсүнө жол бербейт. Бул өтө туура эмес нерсе. Адилеттүүлүк үчүн айтып коюш керек, камалгандардын арасында элден чыгып калган, эчак жыдып бүтүп, “саясый өлүк” болуп калган, арты таза эместери дагы жок эмес. Алардын көздөгөнү бир гана Кемпир-Абадды шылтоо кылып, жеке кызыкчылыгын ишке ашырып, бийликти эңсөөнүн бир жолу гана. Ток этери, Кемпир-Абад темасы көп “саясый өлүктөрдү” тирилтти. Алардын камалганы тескерисинче өздөрүнө саясый упай алып келди. Бирок, булар элдин ишениминен эчак чыгып калышкан. Ал эми Кемпир-Абаддын айынан камакка алынышкан жарандык коомдун жаш өкүлдөрүнө карата бийлик тарабынан тузак ыргытылышын туура эмес деп эсептейм. Себеби, өлкөдө альтернативдик көз-караш, пикир деген болушу керек.

**- Прагматикалык деңгээлде ой жүгүрткөн, жаңы муундагы таза эл өкүлүсүң да. Саясат, айрыкча, Ак үй – Көк үйдөгү интригалар сени тажата элекпи?**

- Каке досум, бул жагынан мени ашкере мактап салган жоксуңбу? Кудайга шүгүр, 90 эл өкүлүнүн арасынан шайлоо маалында административдик ресурска аралашпай, элге акча таратпай, добуштарды сатып албастан таза жол менен келген эл өкүлдөрүнүн бирибиз. Чет жактагы мигранттардын арасынан дагы 90 депутаттын ичинен эң көп добушту Адахан Мадумаров алса, экинчиликти мен багындырдым. Бул албетте, көкүрөк кагып мактангандык эмес, болгону өтө оор чоң жоопкерчиликти алганымды сезип турам. Депутаттык мөөнөтүмдө бизнес менен алектенип кеткенге, ката кетиргенге, элдин кызыкчылыгын сатып, туура эмес иштерге барганга тап-такыр моралдык укугум жок. Кудайдан тилегеним да мойнумдагы чоң жүктү татыктуу аркалаганга, тарыхта жакшы ат менен калганга ниетим күч. Өзүң жакшы билесиң, мен жаш кургагында чоң саясатка келип алдым. Бул аралыкта тапканымдан жоготконум көп болду. Саясый душмандар, саясый атаандаштар өтө ыплас, өтө кир технологиялар менен жамандап, каралашат экен. Алтургай, замандын агымы менен сен тууралуу коомдук пикирди терс жагына буруп, “фейк-тролдор” менен каралагандарыңы? “Саясатта эрежe жок, ыплас мушташ” – дегендери чын тура. Жеке сенин гана атыңды жаманатты кылуу үчүн токтолбой, жакын туугандарыңа, ата-энеңе чейин каралашаарын көрүп, саясаттын ыплас экенине дагы бир жолу ынандым. Белгилүү бир философ айтмакчы, “эгерде сен саясат менен алек болбосоң, саясат сени менен алек болот” – дегендей, эгерде биз коркуп-үркүп, унчукпай, душман арттырбай турайын деп четтеп тура берсек, анда мамлекеттин кызыкчылыгы, мамлекеттин эркиндиги, келечек муунга кандай жооптуу болобуз деген суроо мээ чөйчөгүмдөн кетпей тура берет. Андыктан, менин жашоодогу кредом, принцибим колду таза кармап, мыйзамдуу иштерди аткарып, мыйзамга жат иштерден алыс болуп, элге кызмат кылыш керек. Ошондо тарых өз баасын берет!

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА («МАМЛЕКЕТТИК СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ БОЮНЧА КАМСЫЗДАНДЫРУУ ТӨГҮМДӨРҮНҮН ТАРИФТЕРИ ЖӨНҮНДӨ», «МАМЛЕКЕТТИК СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНА) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2022-жылдын 29-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**

«Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., №5, 229-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-статьянын 1 жана 2-пункттарындагы «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) $2^1$-статьянын 2-пунктундагы «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) төмөнкүдөй мазмундагы $2^2$-статья менен толукталсын:

«$2^2$-статья. Чакан жана орто ишкердик субъекттери, ошондой эле аларда иштеген жеке жактар үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтеринин чендери

1. Чакан жана орто ишкердик субъекттери, анын ичинде өз ишин юридикалык жакты түзүү менен жүргүзүүчү дыйкан (фермердик) чарбалар, катары менен келген акыркы 12 айда түшкөн каражатынын жыйынды көлөмү 8 000 000 сомдон ашпаган, ага барабар же андан ашкан, бирок 30 000 000 сомдон ашпаган сумманы түзгөн жеке ишкерлер үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери, каржылоо булагына карабастан, ай сайын төмөнкүдөй белгиленет:

1) саны 5 жана андан көп жалданма кызматкерлери бар болгон - туруктуу же убактылуу жумушка кабыл алынган жалданган кызматкерлердин, анын ичинде чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын пайдасына чегерилген төлөмдөрдүн бардык түрлөрүнөн:

а) иш берүүчүлөр үчүн:

- I жана II топтогу майып кызматкерлерди кошпогондо, кызматкерлердин пайдасына - камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммаларын фонддор боюнча төмөнкүдөй өлчөмдөрдө бөлүштүрүү менен 12 пайыз өлчөмүндө:

Пенсиялык фондго - 10 пайыз;

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна - 2 пайыз;

- I жана II топтогу майып кызматкерлердин пайдасына - Пенсиялык фондго 8 пайыз өлчөмүндө;

б) кызматкерлер үчүн:

- I жана II топтогу майып кызматкерлерди, пенсионер кызматкерлерди, ушул Мыйзамдын $11^1$-статьясынын «а» пунктунда көрсөтүлгөн кызматкерлерди, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн бошотулган Улуу Ата Мекендик согуштун майыптарын жана ага теңештирилген адамдарды кошпогондо - камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммаларын фонддор боюнча төмөнкүдөй өлчөмдөрдө бөлүштүрүү менен 10 пайыз өлчөмүндө:

Пенсиялык фондго - 8 пайыз;

Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондуна - 2 пайыз;

- I жана II топтогу майып кызматкерлер - Пенсиялык фондго 2 пайыз өлчөмүндө;

- пенсионер кызматкерлер - Пенсиялык фондго 8 пайыз өлчөмүндө;

- ушул Мыйзамдын $11^1$-статьясынын «а» пунктунда көрсөтүлгөн кызматкерлер - Пенсиялык фондго 10 пайыз өлчөмүндө;

2) саны 15 жана андан көп жалданма кызматкерлери бар болгон - туруктуу же убактылуу жумушка кабыл алынган жалданган кызматкерлердин, анын ичинде чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын пайдасына чегерилген республика боюнча орточо бир айлык эмгек акынын өлчөмүнө барабар же андан ашкан төлөмдөрдүн бардык түрлөрүнөн:

а) иш берүүчүлөр үчүн:

- I жана II топтогу майып кызматкерлерди кошпогондо, кызматкерлердин пайдасына - камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммаларын фонддор боюнча төмөнкүдөй өлчөмдөрдө бөлүштүрүү менен 4 пайыз өлчөмүндө:

Пенсиялык фондго - 2 пайыз;

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна - 2 пайыз;

- I жана II топтогу майып кызматкерлердин пайдасына - Пенсиялык фондго 2 пайыз өлчөмүндө;

б) кызматкерлер үчүн:

- I жана II топтогу майып кызматкерлерди, пенсионер кызматкерлерди, ушул Мыйзамдын $11^1$-статьясынын «а» пунктунда көрсөтүлгөн кызматкерлерди, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн бошотулган Улуу Ата Мекендик согуштун майыптарын жана ага теңештирилген адамдарды кошпогондо - камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммаларын фонддор боюнча төмөнкүдөй өлчөмдөрдө бөлүштүрүү менен 10 пайыз өлчөмүндө:

Пенсиялык фондго - 8 пайыз;

Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондуна - 2 пайыз;

- I жана II топтогу майып кызматкерлер - Пенсиялык фондго 2 пайыз өлчөмүндө;

- пенсионер кызматкерлер - Пенсиялык фондго 8 пайыз өлчөмүндө;

- ушул Мыйзамдын $11^1$-статьясынын «а» пунктунда көрсөтүлгөн кызматкерлер - Пенсиялык фондго 10 пайыз өлчөмүндө.

2. Календардык жылдын ичинде түшкөн каражат ушул статьяда белгиленген көлөмдөн ашып кеткен учурда, субъект календардык жылдын аягына чейин чакан жана орто ишкердик субъекти катары каралат.

3. Ушул статьянын шарттарына жооп бербеген чакан жана орто ишкердик субъекттер үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жана аларды төлөө тартиби ушул Мыйзамдын 2,5 жана 6-статьяларына ылайык белгиленет.

4. Ушул статьянын колдонулушу мамлекеттик бюджеттен каржыланууга уюмдарга, мамлекеттик ишканаларга, уюмдарга жана мекемелерге, ошондой эле мамлекеттин катышуу үлүшү 51 пайыздан ашык болгон ишканаларга жана уюмдарга жайылтылбайт.»;

4) 4-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4-статья. Коммерциялык эмес кооперативдер, коомдук фонддор, коомдук бирикмелер, турак жай ээлеринин шериктиктери, диний уюмдар жана алардын кызматкерлери үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтеринин чендери

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери төмөнкүдөй белгиленет:

1. Иш берүүчүлөр - коммерциялык эмес кооперативдер, коомдук фонддор, коомдук бирикмелер, турак жай ээлеринин шериктиктери жана диний уюмдар үчүн:

а) майыптарды жана пенсионерлерди кошпогондо, жалданган кызматкерлердин, анын ичинде чет элдик жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын пайдасына чегерилген төлөмдөрдүн бардык түрлөрүнөн ай сайын - 17 пайыз өлчөмүндө.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммаларын фонддор боюнча бөлүштүрүү төмөнкүдөй өлчөмдөрдө жүргүзүлөт:

Пенсиялык фондго - 15 пайыз;

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна - 2 пайыз;

б) майып кызматкерлердин жана пенсионерлердин пайдасына чегерилген төлөмдөрдүн бардык түрлөрүнөн ай сайын - Пенсиялык фондго 13 пайыз өлчөмүндө.

2. Коммерциялык эмес кооперативдердин, коомдук фонддордун, коомдук бирикмелердин, турак жай ээлеринин шериктиктеринин жана диний уюмдардын кызматкерлери, анын ичинде чет элдик жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн:

а) майып кызматкерлер жана пенсионерлерди, ушул Мыйзамдын $11^1$-статьясынын «а» пунктунда көрсөтүлгөн кызматкерлерди, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн бошотулган Улуу Ата Мекендик согуштун майыптарын жана аларга теңештирилген адамдарды кошпогондо - камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммаларын фонддор боюнча төмөнкүдөй өлчөмдөрдө бөлүштүрүү менен 10 пайыз өлчөмүндө:

Пенсиялык фондго - 8 пайыз;

Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондуна - 2 пайыз;

б) ушул Мыйзамдын $11^1$-статьясынын «а» пунктунда көрсөтүлгөн жалданган кызматкерлер үчүн Пенсиялык фондго 10 пайыз өлчөмүндө;

в) майып кызматкерлер жана пенсионерлер үчүн (Улуу Ата Мекендик согуштун майыптарынан жана аларга теңештирилген адамдардан жана Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларынан башкасы) - каржылоо булактарына карабастан алардын пайдасына чегерилген төлөмдөрдүн бардык түрлөрүнөн ай сайын - Пенсиялык фондго 2 пайыз өлчөмүндө.»;

5) 5-статьянын 2-пунктундагы «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

6) 6-статьяда:

а) 1-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «1. Жалпы салык режиминин жана/же атайын салык режиминин негизинде (Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 423-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык салык төлөөчү жеке ишкерлерди жана патенттин негизинде жеке эмгек ишин же жекече ишкердик ишти жүзөгө ашыруучу жеке жактарды кошпогондо) салыктарды төлөөчү жеке ишкерлер үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери өткөн календардык жылда республиканын райондорунда жана шаарларында түзүлгөн орточо бир айлык эмгек акынын өлчөмүнөн 10 пайыздан кем эмес өлчөмдө ай сайын белгиленет. Камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.»;

б) 2-пунктта:

«2. Кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү ижарага берүүдөн киреше алуучу, лотоктордон, соода орундарынан товар сатуу жолу менен базарларда ишин жүзөгө ашыруучу, эл аралык долбоорлорго жана программаларга кызмат көрсөтүүчү жеке жактарды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 423-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык салык төлөөчү жеке ишкерлер жана патенттин негизинде жеке эмгек ишин же жеке ишкердик ишти жүзөгө ашыруучу жеке жактар үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери өткөн календардык жылда республиканын райондорунда жана шаарларында түзүлгөн орточо бир айлык эмгек акынын өлчөмүнөн эсептелген 6 пайыздан кем эмес өлчөмдө ай сайын белгиленет.»;

- алтынчы абзацтагы «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) $2^1$-пункттун алтынчы абзацындагы «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

г) 3-пункттун төртүнчү абзацындагы «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

7) 9-статьяда:

а) 1-пунктта:

- «а» пунктчасы «3-статьянын «а» пунктуна,» деген сөздөрдөн кийин «4-статьянын 1-пунктунун «а» пунктчасына,» деген сөздөр менен толукталсын;

- «б» пунктчасындагы «а» пунктчасына» деген сөздөр «б» пунктчасына» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- пункт төмөнкүдөй мазмундагы «д» жана «е» пунктчалары менен толукталсын:

«д) $2^2$-статьянын 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун «а» пунктчасына ылайык камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөр:

- камсыздандырылган адамдын өздүк камсыздандыруу эсебине - 8 пайыз;

- Пенсиялык фонддун тилектештик бөлүгүнө - 2 пайыз;

е) $2^2$-статьянын 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун «а» пунктчасына ылайык камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөр:

- камсыздандырылган адамдын өздүк камсыздандыруу эсебине - 1 пайыз;

- Пенсиялык фонддун тилектештик бөлүгүнө - 1 пайыз.»;

б) 2-пунктта:

- «а» пунктчасынын биринчи абзацындагы «жана $2^1$-статьянын 1-пунктунун «б» пунктчасына» деген сөздөр «, $2^1$-статьянын 1-пунктунун «б» пунктчасына, $2^2$-статьянын 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун «б» пунктчасынын экинчи абзацына жана 2-пунктунун «б» пунктчасынын экинчи абзацына, 4-статьянын 2-пунктунун «а» пунктчасына» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- «б» пунктчасынын биринчи абзацындагы «жана $2^1$-статьянын 1-пунктунун «в» пунктчасына» деген сөздөр «$2^1$-статьянын 1-пунктунун «в» пунктчасына, $2^2$-статьянын 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун «б» пунктчасынын бешинчи абзацына жана 2-пунктунун «б» пунктчасынын бешинчи абзацына, 4-статьянын 2-пунктунун «в» пунктчасына» деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) 3-пункттун «а» пунктчасынын биринчи абзацындагы «жана $2^1$-статьянын 1-пунктунун «а» пунктчасына» деген сөздөр «$2^1$-статьянын 1-пунктунун «б» пунктчасынын бешинчи абзацына, $2^2$-статьянын 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун «б» пунктчасынын жетинчи абзацына жана 2-пунктунун «б» пунктчасынын жетинчи абзацына, 4-статьянын 2-пунктунун «б» пунктчасына» деген сөздөргө алмаштырылсын;

г) 4-пунктта:

- «а» пунктчасынын биринчи абзацындагы «жана $2^1$-статьянын 1-пунктунун «б» пунктчасына» деген сөздөр «, $2^1$-статьянын 1-пунктунун «в» пунктчасына, $2^2$-статьянын 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун «б» пунктчасынын алтынчы абзацына жана 2-пунктунун «б» пунктчасынын алтынчы абзацына» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- «б» пунктчасынын биринчи абзацындагы «4-статьянын 1-пунктунун «б» пунктчасына» деген сөздөр «4-статьянын 2-пунктунун «в» пунктчасына» деген сөздөргө алмаштырылсын;

8) 10-статьянын 2-пунктундагы «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

9) 11-статьяда:

а) 1-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Улуу Ата Мекендик согуштун майыптары жана аларга теңештирилген адамдар жана Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары алардын пайдасына чегерилген төлөмдөрдүн бардык түрлөрүнө камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн толук көлөмдө бошотулат.»;

б) 6-пункттагы «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

10) 12-статьянын 13-пунктунда «Өкмөтүнүн» деген сөз «Министрлер Кабинетинин» деген сөздөргө алмаштырылсын;

11) 13-статьянын 3-пунктунун биринчи абзацындагы биринчи сүйлөм төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Жумуш берүүчүлөр тарабынан төлөнүүчү камсыздандыруу төгүмдөрүн өлчөмү ушул Мыйзамдын 2-статьясында, $2^2$-статьясынын 1-бөлүгүнүн 1-пунктунда, 8-статьясында каралган кызматкерлер үчүн орточо бир айлык эмгек акынын 60 пайызынан эсептелген суммадан кем болбоого тийиш.»;

12) $14^1$-статьянын 3-пунктунун биринчи абзацындагы «декабрына» деген сөз «ноябрына» деген сөзгө алмаштырылсын.

**2-берене**

«Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1996-ж., №7, 85-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

26-статьянын 2-бөлүгүндө:

а) биринчи - үчүнчү абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Камсыздандыруучуларга жана камсыздандыруу төгүмдөрүн өз алдынча төлөгөн камсыздандырылган адамдарга (жеке ишкерлер жана жеке жактар) мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн туумдар жана айып акылар төмөнкүдөй учурларда жана өлчөмдөрдө эсептелет:

эмгек акынын (кирешенин) суммасы төмөндөтүлгөндө, жашырылганда - төлөмдөрдүн төмөндөтүлгөн, жашырылган суммасынын эки эселенген өлчөмүндөгү айып акы;

аныкталган отчеттук мезгил үчүн белгиленген мөөнөттө отчет тапшырбоо - ушул отчетто чагылдырылууга тийиш болгон камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасынын 25 пайыз өлчөмүндө айып акы ушул отчетто чагылдырылууга тийиш болгон камсыздандыруу төгүмдөрүнүн бардык суммасын өндүрүү менен алынат. Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык отчетту берүү мөөнөтү узартылган учурда айып акы салынбайт;»;

б) бешинчи абзацтагы «0,1» деген цифралар «0,09» деген цифраларга алмаштырылсын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыялanууга тийиш жана расмий жарыяланган айдан кийинки айдын биринчи күнүнөн тартып күчүнө кирет.

Ушул Мыйзамдын 1-беренесинин 3-пункту 2027-жылдын 1-январына чейин колдонулат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2022-жылдын 4-ноябры, №101***

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ТАРИФАХ СТРАХОВЫХ ВЗНОСОВ ПО ГОСУДАРСТВЕННОМУ СОЦИАЛЬНОМУ СТРАХОВАНИЮ», «О ГОСУДАРСТВЕННОМ СОЦИАЛЬНОМ СТРАХОВАНИИ»)

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 29 сентября 2022 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О тарифах страховых взносов по государственному социальному страхованию» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2004 г., №5, ст. 229) следующие изменения:

1) в пунктах 1 и 2 статьи 2 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

2) в пункте 2 статьи $2^1$ слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

3) Закон дополнить статьей $2^2$ следующего содержания:

«Статья $2^2$. Ставки тарифов страховых взносов для субъектов малого и среднего предпринимательства, а также работающих в них физических лиц

1. Тарифы страховых взносов для субъектов малого и среднего предпринимательства, в том числе крестьянских (фермерских) хозяйств, осуществляющих свою деятельность с образованием юридического лица, индивидуальных предпринимателей, у которых совокупный объем выручки за последние 12 месяцев, следующих подряд, не превышает, равен или превышает 8 000 000 сомов, но составляет сумму не более 30 000 000 сомов, устанавливаются ежемесячно независимо от источника финансирования:

1) с численностью 5 и более наемных работников - от всех видов выплат, начисленных в пользу нанятых работников, принятых на постоянную или временную работу, в том числе иностранных граждан и лиц без гражданства:

а) для работодателей:

- в пользу работников, за исключением работников-инвалидов I и II групп - в размере 12 процентов с распределением сумм страховых взносов по фондам в следующих размерах:

в Пенсионный фонд - 10 процентов;

в Фонд обязательного медицинского страхования - 2 процента;

- в пользу работников-инвалидов I и II групп - в размере 8 процентов в Пенсионный фонд;

б) для работников:

- за исключением работников-инвалидов I и II групп, работников-пенсионеров, работников, указанных в пункте «а» статьи $11^1$ настоящего Закона, освобожденных от уплаты страховых взносов инвалидов Великой Отечественной войны и приравненных к ним лиц, - в размере 10 процентов с распределением сумм страховых взносов по фондам в следующих размерах:

в Пенсионный фонд - 8 процентов;

в Государственный накопительный пенсионный фонд - 2 процента;

- работников-инвалидов I и II групп - в размере 2 процентов в Пенсионный фонд;

- работников-пенсионеров - в размере 8 процентов в Пенсионный фонд;

- работников, указанных в пункте «а» статьи $11^1$ настоящего Закона, - в размере 10 процентов в Пенсионный фонд;

2) с численностью 15 и более наемных работников - от всех видов выплат, равных или превышающих размер среднемесячной заработной платы по республике, начисленных в пользу нанятых работников, принятых на постоянную или временную работу, в том числе иностранных граждан и лиц без гражданства:

а) для работодателей:

- в пользу работников, за исключением работников-инвалидов I и II групп - в размере 4 процентов с распределением сумм страховых взносов по фондам в следующих размерах:

в Пенсионный фонд - 2 процента;

в Фонд обязательного медицинского страхования - 2 процента;

- в пользу работников-инвалидов I и II групп - в размере 2 процентов в Пенсионный фонд;

б) для работников:

- за исключением работников-инвалидов I и II групп, работников-пенсионеров, работников, указанных в пункте «а» статьи $11^1$ настоящего Закона, освобожденных от уплаты страховых взносов инвалидов Великой Отечественной войны и приравненных к ним лиц, - в размере 10 процентов, с распределением сумм страховых взносов по фондам в следующих размерах:

в Пенсионный фонд - 8 процентов;

в Государственный накопительный пенсионный фонд - 2 процента;

- работников-инвалидов I и II групп - в размере 2 процентов в Пенсионный фонд;

- работников-пенсионеров - в размере 8 процентов в Пенсионный фонд;

- работников, указанных в пункте «а» статьи $11^1$ настоящего Закона, - в размере 10 процентов в Пенсионный фонд.

2. В случае превышения в течение календарного года объема выручки, установленного настоящей статьей, субъект рассматривается в качестве субъекта малого и среднего предпринимательства до конца календарного года.

3. Для субъектов малого и среднего предпринимательства, не отвечающих условиям настоящей статьи, тарифы страховых взносов и порядок их уплаты, устанавливаются в соответствии со статьями 2, 5 и 6 настоящего Закона.

4. Действие настоящей статьи не распространяется на организации, финансируемые из государственного бюджета, государственные предприятия, организации и учреждения, а также предприятия и организации с государственной долей участия более 51 процента.»;

4) статью 4 изложить в следующей редакции:

«Статья 4. Ставки тарифов страховых взносов для некоммерческих кооперативов, общественных фондов, общественных объединений, товариществ собственников жилья, религиозных организаций и их работников

Тарифы страховых взносов устанавливаются:

1. Для работодателей - некоммерческих кооперативов, общественных фондов, общественных объединений, товариществ собственников жилья и религиозных организаций:

а) ежемесячно от всех видов выплат, начисленных в пользу нанятых работников, в том числе иностранных граждан и лиц без гражданства, за исключением инвалидов и пенсионеров - в размере 17 процентов.

Распределение сумм страховых взносов по фондам производится в следующих размерах:

в Пенсионный фонд - 15 процентов;

в Фонд обязательного медицинского страхования - 2 процента;

б) ежемесячно от всех видов выплат, начисленных в пользу работников-инвалидов и пенсионеров, - в Пенсионный фонд в размере 13 процентов.

2. Для работников некоммерческих кооперативов, общественных фондов, общественных объединений, товариществ собственников жилья и религиозных организаций, в том числе иностранных граждан и лиц без гражданства:

а) за исключением работников-инвалидов и пенсионеров, работников, указанных в пункте «а» статьи $11^1$ настоящего Закона, освобожденных от уплаты страховых взносов инвалидов Великой Отечественной войны и приравненных к ним лиц, - в размере 10 процентов, с распределением сумм страховых взносов по фондам в следующих размерах:

в Пенсионный фонд - 8 процентов;

в Государственный накопительный пенсионный фонд - 2 процента;

б) для нанятых работников, указанных в пункте «а» статьи $11^1$ настоящего Закона, - в размере 10 процентов в Пенсионный фонд;

в) для работников-инвалидов и пенсионеров (кроме инвалидов Великой Отечественной войны и приравненных к ним лиц и участников Великой Отечественной войны) - ежемесячно от всех видов выплат, начисленных в их пользу, независимо от источников финансирования, - в размере 2 процентов в Пенсионный фонд.»;

5) в пункте 2 статьи 5 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

6) в статье 6:

а) абзац первый пункта 1 изложить в следующей редакции:

«1. Тарифы страховых взносов для индивидуальных предпринимателей, уплачивающих налоги на основе общего налогового режима и/или специальных налоговых режимов (за исключением индивидуальных , предпринимателей, уплачивающих налог в соответствии с частью 6 статьи 423 Налогового кодекса Кыргызской Республики, и физических лиц, осуществляющих индивидуальную трудовую деятельность или индивидуальную предпринимательскую деятельность на основе патента), устанавливаются ежемесячно в размере не менее 10 процентов от размера среднемесячной заработной платы, сложившейся в районах и городах республики за предыдущий календарный год. Уплата страховых взносов осуществляется в порядке, устанавливаемом Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;

б) в пункте 2:

- абзац первый изложить в следующей редакции:

«2. Тарифы страховых взносов устанавливаются ежемесячно в размере не менее 6 процентов, исчисленных от размера среднемесячной заработной платы, сложившейся в районах и городах республики за предыдущий календарный год, для индивидуальных предпринимателей, уплачивающих налог в соответствии с частью 6 статьи 423 Налогового кодекса Кыргызской Республики, и физических лиц, осуществляющих индивидуальную трудовую деятельность или индивидуальную предпринимательскую деятельность на основе патента, за исключением физических лиц, получающих доход от сдачи в аренду движимого и недвижимого имущества, осуществляющих деятельность на рынках путем реализации товара с лотков, торговых мест, оказывающих услуги международным проектам и программам.»;

- в абзаце шестом слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

в) в абзаце шестом пункта $2^1$ слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

г) в абзаце четвертом пункта 3 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

7) в статье 9:

а) в пункте 1:

- подпункт «а» после слов «уплачивающего страховые взносы в соответствии с пунктом 1 статьи 2, пунктом «а» статьи 3,» дополнить словами «подпунктом «а» пункта 1 статьи 4,»;

- в подпункте «б» слова «с подпунктом «а» заменить словами «с подпунктом «б»;

- пункт дополнить подпунктами «д» и «е» следующего содержания:

«д) уплачивающего страховые взносы в соответствии с подпунктом «а» пункта 1 части 1 статьи $2^2$:

- на личный страховой счет застрахованного лица - 8 процентов;

- в солидарную часть Пенсионного фонда - 2 процента;

е) уплачивающего страховые взносы в соответствии с подпунктом «а» пункта 2 части 1 статьи $2^2$:

- на личный страховой счет застрахованного лица - 1 процент;

- в солидарную часть Пенсионного фонда - 1 процент.»;

б) в пункте 2:

- в абзаце первом подпункта «а» слова «и подпунктом «б» пункта 1 статьи $2^1$» заменить словами «, подпунктом «б» пункта 1 статьи $2^1$, абзацем вторым подпункта «б» пункта 1 и абзацем вторым подпункта «б» пункта 2 части 1 статьи $2^2$, подпунктом «а» пункта 2 статьи 4»;

- в абзаце первом подпункта «б» слова «и подпункта «в» пункта 1 статьи $2^1$» заменить словами «, подпунктом «в» пункта 1 статьи $2^1$, абзацем пятым подпункта «б» пункта 1 и абзацем пятым подпункта «б» пункта 2 части 1 статьи $2^2$, подпунктом «в» пункта 2 статьи 4»;

в) в абзаце первом подпункта «а» пункта 3 слова «и подпунктом «а» пункта 1 статьи $2^1$» заменить словами «, абзацем пятым подпункта «б» пункта 1 статьи $2^1$, абзацем седьмым подпункта «б» пункта 1 и абзацем седьмым подпункта «б» пункта 2 части 1 статьи $2^2$, подпунктом «б» пункта 2 статьи 4»;

г) в пункте 4:

- в абзаце первом подпункта «а» слова «и подпунктом «б» пункта 1 статьи $2^1$» заменить словами «, подпунктом «в» пункта 1 статьи $2^1$, абзацем шестым подпункта «б» пункта 1 и абзацем шестым подпункта «б» пункта 2 части 1 статьи $2^2$»;

- в абзаце первом подпункта «б» слова «подпункта «б» пункта 1 статьи 4» заменить словами «подпунктом «в» пункта 2 статьи 4»;

8) в пункте 2 статьи 10 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

9) в статье 11:

а) абзац первый пункта 1 изложить в следующей редакции:

«1. Инвалиды Великой Отечественной войны и приравненные к ним лица и участники Великой Отечественной войны освобождаются от уплаты страховых взносов в полном объеме на все виды выплат, начисленных в их пользу.»;

б) в пункте 6 слово «Правительство» заменить словами «Кабинет Министров»;

10) в пункте 13 статьи 12 слово «Правительства» заменить словами «Кабинета Министров»;

11) предложение первое абзаца первого пункта 3 статьи 13 изложить в следующей редакции: «Размер страховых взносов, уплачиваемых работодателями за работников, предусмотренных в статье 2, пункте 1 части 1 статьи $2^2$, статье 8 настоящего Закона, не может быть меньше суммы, исчисленной от 60 процентов среднемесячной заработной платы.»;

12) в абзаце первом пункта 3 статьи $14^1$ слово «декабря» заменить словом «ноября».

**Статья 2**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О государственном социальном страховании» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1996 г., №7, ст. 85) следующие изменения:

в части 2 статьи 26:

а) абзацы первый - третий изложить в следующей редакции:

«2. За нарушение законодательства о государственном социальном страховании страхователям и застрахованным лицам, самостоятельно уплачивающим страховые взносы (индивидуальные предприниматели и физические лица), начисляются пени и штрафы в случаях и размерах:

занижения, сокрытия суммы оплаты труда (дохода) - штраф в двукратном размере суммы занижения, сокрытия платежей;

непредставления к установленному сроку отчетности за определенный отчетный период - штраф в размере 25 процентов от суммы страховых взносов, подлежащих отражению в данной отчетности, с взысканием всей суммы страховых взносов, подлежащих отражению в данной отчетности. Штраф не начисляется в случае продления срока предоставления отчетности в соответствии с налоговым законодательством Кыргызской Республики;»;

б) в абзаце пятом цифры «0,1» заменить цифрами «0,09».

**Статья 3**

Настоящий Закон подлежит официальному опубликованию и вступает в силу с первого числа месяца, следующего за месяцем официального опубликования.

Пункт 3 статьи 1 настоящего Закона действует до 1 января 2027 года.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в шестимесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

**г.Бишкек, 4 ноября 2022 года, №101**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Кабарлар

# ЖОЛАМАН МЕНЕН АКЖОЛ ДҮЙНӨДӨ АЛДЫҢКЫ ОРУНДА




Дүйнөлүк күрөш уюму грек-рим күрөшү боюнча Кыргызстандын белгилүү балбандары Жоламан Шаршенбеков менен Акжол Махмудов дүйнөлүк рейтингдин алдыңкы сабына чыккандыгын билдирди. Ж.Шаршенбеков 60 килограмм салмактагылар арасында биринчи орунун ээледи. Ал эми Акжол Махмудов 77 килограмм салмактагылар ичинде экинчи орунга жайгашкан. Мындай рейтинг балдандарга акчалай сыйлык алуусуна жол ачат. Дүйнөлүк рейтингде алдыңкы орунга чыккан ар бир салмактагы үч мыкты спортчу 10 миң доллар акчалай сыйлыкты бөлүп алуу эрежеси бар. Ага ылайык Жоламан Шаршенбековго 5 миң доллар, Акжол Махмудовго 3 миң доллар берилет.

# КЫРГЫЗСТАНДЫН КООЗ ЖЕРЛЕРИ КАРТАДА

Жакында map.kg аталышындагы биотүрдүү аймактарды камтыган карта ишке кирет. Анда Кыргызстандын кооз жерлери, жаныбарлар, өсүмдүктөр дүйнөсү көрсөтүлөт. Бул тууралуу эколог Гамал Соронкулов билдирди. Анын айтымында, 2016-2017-жылдары өлкөдөгү биотүрдүүлүктүн негизги аймактарын аныктоо иштери жүрүп, республика боюнча 32 биотүрдүү аймак тизмектелген. Карта туристтер үчүн кызыктуу маршруттарды түзүүгө жардам берет.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 10-МАЙЫНДАГЫ №146 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН "ЭЛ ҮМҮТҮ" ЭЛ АРАЛЫК СТИПЕНДИЯСЫН УЮШТУРУУ ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Эл үмүтү" эл аралык стипендиясын ыйгаруу боюнча ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 10-майындагы № 146 "Кыргыз Республикасынын Президентинин "Эл үмүтү" эл аралык стипендиясын уюштуруу жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентинин "Эл үмүтү" эл аралык стипендиясын ыйгаруу тартиби жөнүндө жободо:

- 14-пунктунун экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 20, 21-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"20. Республикалык комиссия тарабынан "Эл үмүтү" стипендиясынын стипендиаттары бекитилгенден кийин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги стипендиат менен контракт түзөт, анда тараптардын өз ара милдеттенмелери, окутуу шарттары, окууну аяктагандан кийин стипендиаттын контракттык милдеттенмелерди аткаруусунун, стипендиатты окутуу үчүн кеткен чыгымдардын ордун толтуруунун (эгер ал жүйөсүз себептер боюнча программадан чыгып калган учурда) тартиби каралат.

21. Контракт чет өлкөлүк ЖОЖдорго акча которууга укук берген негизги документ болуп саналат. Стипендиатты чет өлкөдө окутууга байланышкан чыгымдарды төлөө контракт таризделгенден кийин гана жүргүзүлөт.";

- 22-пунктундагы "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан" деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети эки айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

**3.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2022-жылдын 5-ноябры, ПЖ №364***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2017-ЖЫЛДЫН 31-ЯНВАРЫНДАГЫ №17 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ ОРУНДАРЫНЫН РЕЕСТРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы №17 "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринде:

II бөлүмүнүн 4-главасынын 6-пунктунун "Министрликтер, мамлекеттик комитеттер" графасында:

- "Жогорку кызмат орду" тобунун "Ж-Б" категориясы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Министрликтин чет өлкөлөрдөгү өкүлчүлүгүнүн жетекчиси (*)";

- "Башкы кызмат орду" тобунун "Б-А" категориясы төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

"Министрликтин чет өлкөлөрдөгү өкүлчүлүгүнүн жетекчисинин орун басары".

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2022-жылдын 5-ноябры, ПЖ №366***

## 2021-ЖЫЛДЫН 4-МАРТЫНДА КОЛ КОЮЛГАН, 1994-ЖЫЛДЫН 9-ДЕКАБРЫНДАГЫ 1941-1945-ЖЫЛДАРДАГЫ УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШТАГЫ ЖЕҢИШТИН 50 ЖЫЛДЫГЫНА БАЙЛАНЫШТУУ УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШТУН КАТЫШУУЧУЛАРЫ, СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДАГЫ ООРУКТУН ЭМГЕКЧИЛЕРИ ЖАНА КАЗА БОЛГОН АСКЕРЛЕРДИН ЖЕСИРЛЕРИ ҮЧҮН КОШУМЧА ЖЕҢИЛДИКТЕРДИ ЖАНА МАТЕРИАЛДЫК ЖАРДАМДЫ БЕЛГИЛӨӨ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУН КОЛДОНУЛУШУН ТОКТОТУУ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2022-жылдын 29-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**

2021-жылдын 4-мартында кол коюлган, 1994-жылдын 9-декабрындагы 1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 50 жылдыгына байланыштуу Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары, согуш жылдарындагы ооруктун эмгекчилери жана каза болгон аскерлердин жесирлери үчүн кошумча жеңилдиктерди жана материалдык жардамды белгилөө жөнүндө макулдашуунун колдонулушун токтотуу тууралуу протокол ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги көрсөтүлгөн Протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий, жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2022-жылдын 4-ноябры, №102***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ ПРОТОКОЛА О ПРЕКРАЩЕНИИ ДЕЙСТВИЯ СОГЛАШЕНИЯ ОБ УСТАНОВЛЕНИИ ДЛЯ УЧАСТНИКОВ ВЕЛИКОЙ ОТЕЧЕСТВЕННОЙ ВОЙНЫ, ТРУЖЕНИКОВ ТЫЛА ВОЕННЫХ ЛЕТ И ВДОВ ПОГИБШИХ ВОИНОВ ДОПОЛНИТЕЛЬНЫХ ЛЬГОТ И МАТЕРИАЛЬНОЙ ПОМОЩИ В СВЯЗИ С 50-ЛЕТИЕМ ПОБЕДЫ В ВЕЛИКОЙ ОТЕЧЕСТВЕННОЙ ВОЙНЕ 1941-1945 ГОДОВ ОТ 9 ДЕКАБРЯ 1994 ГОДА, ПОДПИСАННОГО 4 МАРТА 2021 ГОДА

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 29 сентября 2022 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Протокол о прекращении действия Соглашения об установлении для участников Великой Отечественной войны, тружеников тыла военных лет и вдов погибших воинов дополнительных льгот и материальной помощи в связи с 50-летием' Победы в Великой Отечественной войне 1941-1945 годов от 9 декабря 1994 года, подписанный 4 марта 2021 года.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить Исполнительный комитет Содружества Независимых Государств о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Протокола.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 4 ноября 2022 года, №102***

## «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК КЫЗЫЛ ЖАРЫМ АЙ КООМУ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2022-жылдын 29-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**

«Кыргыз Республикасынын Улуттук Кызыл Жарым Ай Коому жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2018-ж., №2, 77-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 5-беренenin 4-пунктунда «Өкмөтүнө» деген сөз «Министрлер Кабинетине» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 7-беренenin 7-пунктунда «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2022-жылдын 4-ноябры, №103***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О НАЦИОНАЛЬНОМ ОБЩЕСТВЕ КРАСНОГО ПОЛУМЕСЯЦА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 29 сентября 2022 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О Национальном Обществе Красного Полумесяца Кыргызской Республики» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2018 г., №2, ст. 77) следующие изменения:

1) в пункте 4 статьи 5 слово «Правительству» заменить словами «Кабинету Министров»;

2) в пункте 7 статьи 7 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 4 ноября 2022 года, №103***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо
№98 (3433)
2022-жылдын 11-ноябры


Чындыкта көлөкө болбойт

# “АЗЫРААК АЙТТЫМ СӨЗДӨРДҮ, АЙЛАМДЫН ГАНА ЖОГУНАН...”

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.ЖАПАРОВго**

## АЧЫК КАТ




Урматтуу Садыр Нургожоевич!

Башка аргам калбаганынан Сизге ачык кат жазып жатам. Анткени, Баш Мыйзамдын 105-беренесинин талабына ылайык Кыргыз Республикасынын прокуратурасы мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын так жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. Бирок коомдук турмушта прокуратура өз милдетин аткарбай жаткандыгын төмөндөгүдөй далилдүү фактылар менен ачыктап бергим келет. Албетте, гезит бети чектелүү болгондуктан ойдун баарын батыра албасам да өзөгүн жеткирүүгө аракет кылам.

### 1. Жалал-Абад шаардык прокуратурасы жөнүндө

Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы (мындан ары - ШБББнун башчысы) **Калчаев Ырысбектин** мыйзамсыз аракеттери, коррупциялык схемалары тууралуу Башкы прокурорго, Жалал-Абад областынын прокуроруна, УКМКнын Жалал-Абад облустук башкармалыгына, Билим берүү жана илим министрине ж.б. бир нече ирет арыз менен кайрылгам.

Мен арызда Жалал-Абад ШБББнун башчысы Ы.Калчаевдин мектептердин жана мектепке чейинки билим берүү уюмунун (мындан ары - МЧББУ) директорлорун мыйзамсыз, т.а. тиешелүү жогорку билими жана жетиштүү иш стажы жок дайындап жаткандыгы, шаардагы мектеп жана бала бакчаларды кышкы сезонго даярдоодо тендер аркылуу сатылып алынган көмүрлөр боюнча коррупциялык аракеттери, жана башка 5-пунктта турган кылмыштуу жагдайлар тууралуу көрсөткөм. Бирок, бардык арыздар Жалал-Абад шаардык прокуратурасына келип түшүп, ал жерден “кылмыштын курамы аныкталбайт” деген коёндой окшош жоопторду берип келишет.

Мисалы, шаар прокурору М.Бектурганов 02.02.2022-жылдагы мага берген билдирүүсүндө Ы.Калчаевге карата кылмыш иш козгоодон баш тартылгандыгын, тескерисинче Жалал-Абад ШБББ жоопту кызматкерлерге карата тийиштүү тартиптик чара көрүү үчүн башчы Ы.Калчаевге “сунуштама” келтиргендигин көрсөткөн.

Ал эми прокуратуранын ошол эле күнү ШБББнүн башчысы Ы.Калчаевге берген №11/1-100-22 сандуу сунуштамасында мен арызда келтирген дооматтар толугу менен аныкталгандыгы далилденип турат.

Тактап айтканда, №4-балдар өспүрүмдөр мектебинин директору Халмурзаев Талантбек Шарабидинович 2019-жылы К.Ш.Токтоматов атындагы Эл аралык университетти “экономика” багыты боюнча аяктаган. Ал эми ЖАМУнун 2021-жылдын 27-декабрындагы 01-4876 сандуу катында Халмурзаев Т.Ш. 2021-жылы 3-курстан 4-курска көчүрүлгөнү белгиленип турат. Бирок, Ы.Калчаев бул фактыларды бурмалап 2021-жылдын 7-декабрындагы №52 сандуу буйругу менен Т.Халмурзаевди №4-балдар өспүрүмдөр мектебинин директорлугуна дайындаган.

Мыйзам талаптарына ылайык *жалпы билим берүү уюмунун директордук кызматына жогорку педагогикалык билими жана 7 жылдан кем эмес педагогикалык иш стажы бар адам дайындалат.* Демек, Ы.Калчаевдин буйругу мыйзамды бузуу жолу менен чыгарылганы далилденип жатабы?

Мындан сырткары, сунуштамада мектепке чейинки билим берүү уюмунун төмөндөгү директорлору:

1) №5 “Чолпон” МЧББУнун директору А.Анарбаева;

2) №9 “Балакай” МЧББУнун директору А.Абдалимова;

3) №17 “Каакым” МЧББУнун директору Д.Токбаева;

4) №12 “Жылмаюу” МЧББУнун директору Н.Касымовалардын дайындоодо Ы.Калчаев тарабынан МЧББУнун жетекчилерине жана кызматкерлерине коюлуучу: **- педагогикалык билиминин милдеттүү түрдө болушу (МЧББ чөйрөсүндөгү артыкчылык), педагогикалык кызматкерлерди МЧББ адистиги боюнча милдеттүү түрдө кайра даярдоо, МЧББнун теориясын, методикасын жана балдар менен иштөөнүн заманбап технологияларын билүү** ж.б. тиешелүү талаптар одоно бузулгандыгы көрсөтүлүп турат. Демек, Ы.Калчаев 8 жылдык жетекчилик кызмат ордунда (!) системалуу түрдө мыйзамсыз аракеттерди жасап келген.

Үчүнчүдөн, Жалал-Абад ШБББнө караштуу мектептерге, МЧББУна 2021-2022-окуу жылына кышка карата 380 тонна “ДОМ” үлгүсүндөгү көмүр жана 1013,6 тонна “ДСШ” үлгүсүндөгү көмүр тендердик жол менен сатылып алынган (кайсы мектепке канча тонна көмүр түшүрүлгөндүгү боюнча прокуратурада так маалыматтар бар).

Сунуштамада аталган мектептердин жана бала бакчалардын директорлору түшүрүлгөн көмүрлөр боюнча Э. Айтиев аттуу жеке ишкер алып келген накладнойдон башка эч бир документтерди көрсөтө алышпагандыгы жазылган. Тактап айтканда, жеке ишкер Э. Айтиев алып келген көмүрлөр (эгер келген болсо) таразага тартылып алынгандыгын тастыктаган документтер жок. Демек, тендерден сатылып алынган 1393,6 тонна көмүрдүн канча тоннасы келип түшкөндүгүн Жараткан Алла менен Ырысбек Калчаев гана билет! Э. Айтиевдин накладноюнан башка бир документ жок туруп прокуратура мамлекетке келтирилген материалдык чыгымды кандайча аныктады? Бул факты боюнча ШБББ башчысы катары Ы.Калчаевге кылмыш иши козголууга тийиш болгон. А эмне үчүн прокуратура тескерисинче директорлорго кызматтык чара көрүү боюнча Ы. Калчаевге сунуш берип жаткандыгы түшүнүксүз?

### ... ЖАНА БИР ФАКТ!

Жалал-Абад шаарынын Н.Айтматова көчөсүндөгү №23-кварталдагы “Чөкө-Арык” сел каналынын үстүндө жайгашкан (мэриянын имаратынын алдында) бир нече кыймылсыз мүлк курулуштарынын мыйзамсыз курулгандыгы тууралуу Президентке, Башкы прокурорго даттанып келатканыма буйруса, жакында 5 жыл болот! Анан эмне болду дээрсиз?! Баягы эле, Жалал-Абад шаардык прокуратурасы тарабынан бир нече текшерүүлөр жүргүзүлгөн...

Тактап айтканда, шаардык прокуратуранын 11.08.2018-жылдагы №11/2-1773-18 сандуу билдирүүсүндө Экотехинспекциянын аймактар аралык башкармалыгынын башчысына жана Жалал-Абад шаарынын мэрине мыйзам талаптарын бузуу менен курулган курулуштарды мыйзам талаптарына ылайык келтирүү жөнүндө сунуштар берилгендиги көрсөтүлгөн.

Өзүңүз туура баамдагандай, арадан 4 жылдан ашык убакыт өттү! Бира-ак, мэрдин “мурдунун учунда” турган мыйзамсыз курулуштар ошол бойдон. Тескерисинче, асман көздөй өсүүдө. Мэрлер келип-кетип эле жатат, мыйзамсыздык гана таптакыр “кетпей” койду...

Мен да улам мэр алмашкан сайын, прокурор алмашкан сайын жазып эле келе жатам. Ошентип, быйылкы жаздын жаркыраган бир күнүндө шаар прокурорунан кат келди. Катта арызда көрсөтүлгөн фактыларды териштирип, мыйзам бузуу фактыларын аныктап, жыйынтыгында Жалал-Абад облусунун архитектуралык-курулуштук контролдоо боюнча башкармалыгына 15.04.2022-жылы №11/1-401-22 сандуу “Ченемдик укуктук актыларынын бузулушун четтетүү жөнүндө сунуштама бергенин маалымдаган. Тактап айтканда, жогорудагы мамлекеттик мекемени курулуштарды буздуруу боюнча сотко доо арыз берүүгө милдеттендирген. Андан бери 7 ай өттү... Мыйзамсыздык тоңгон муздай былк этпеген жок! Эмнеге? Менин оюм боюнча прокуратура органы өзү сел арыктын үстүндөгү мыйзамсыз курулган бир нече курулуш ээлерин бир нече жылдан бери “крышовать” этип келатат. Болбосо өз сунуштамасын көзөмөлдөйт эле го. Сунуш жөнөтүп койгону “жөн” эле, кыргызча, кожо көрсүнгө!

Биз мындай прокуратура менен алыс бара албайбыз го дейм, урматтуу Президент!

### 2. Сузак райондук прокуратурасы жөнүндө

Сузакта жарандардын сугат үлүш жерлерине мыйзамсыз там салуу “мода”! Анын “классикалык” үлгүсүн Таш-Булак айыл өкмөтүнүн мурдагы башчысы, кийинки КРнын Жогорку Кеңешинин депутаты Музаффар Исаковдун мисалынан көрсөк болот. Жарандардын менчиктеги үлүш жерлерине коркпой-үркпөй эле 350дөн ашык мыйзамсыз, жасалма токтомдорду чыгарып, миңдеген адамдарга кызылдай акчага соодалап жиберген. Соңу эмне болду? Туура, кылмыш бар, бирок жоопко тартуу мөөнөтү “эскирип” кеткендиктен кыскартылды.

"А эмне үчүн убагында кылмышты көрүп туруп кылмыштуу аракетсиздикти жасаган прокуратура жазага тартылбайт?" деп сураган эч ким жок. Кыскасы КЖК, КЖПК дегендерди дагы бир карап чыгуунун зарылдыгы бар окшойт. "Слышком "гумандашып" кеткендейбиз.

М.Исаковдун жер сатуу “бизнеси” бүгүн деле токтогон жок. Таш-Булактын кийинки башчысы Нурбек Самудинов “таланттуу” жигит чыгып, ошол М.Исаковдун “мезгили” менен жасалма токтомдорду “пачкалап” чыгарып сатып жатат. Анын айрым бир такталган фактылары ушул эле “Эркин-Тоо” гезитинин 28.06.2022-жылдагы №56 (3391) санында КРнын Башкы прокурору К.Зулушевге багышталган “Сузактагы жер сатуу “бизнеси” токтойбу?” деген арыз-макалада айтылган. Андан кийин деле облустук прокуратурага Н.Самудиновдун мыйзамсыз аракеттери тууралуу бир нече даттануулар берилген. Бирок... Самудиновду жакында башка айыл өкмөткө “ротация” кылды деп уктук. Муну “иш жабылды” деп түшүнө берсек болобу, урматтуу Президент?

Айтмакчы, жогоруда аталган арыз-макалада Сузактын Атабеков айыл өкмөтүндөгү “шумдуктуу” токтомдор да жарыяланган. Кыскача айтканда, С.Атабеков айыл өкмөтүнүн жарандарга жеке турак жай куруууга жер тилкесин берүү жөнүндөгү **18.04.2002-ж.** №79, **06.08.2004-ж.** №303 жана **08.08.2004-ж.** №305 токтомдору: “Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 13, 31, 32-статьяларына таянып, Кыргыз Республикасынын **Өкмөтүнүн 18.08.2005-жылдагы №384-токтомунун негизинде** арызды канааттандыруу максатында С.Атабеков айыл өкмөтү токтом кылат” деп башталат. Мындай токтомдорду башка өлкөдө чыгара алышпайт! Башы жетпейт! А биздин айыл өкмөттөр 2-3 жыл алдын ала кыргыз өкмөтү кандай токтом чыгараарын сезип турушат. Эң кызыгы, мунун “табышмагын” прокурорлор да таппай жатышкандыгында (“лунатик” болуп калышат мындайда).

### ... ЖАНА БИР ФАКТ!

Сузак айыл өкмөтүнүн имараты өткөн жылдын 10-октябрында таң эрте өрттөнүп кеткен. Экспертизин айтканына ынансак, тилсиз жоо көмүр жаткан кампадан сойлоп чыгып, имаратка жалгашып, анын ичиндеги документ, архив деген бир барак калтырбай жалмап салган. Мамлекеттик материалдык чыгым – 7,5 миллион сом. Моралдыгын эсептеген жан жок. Анткени, 50 000 калкы бар айыл өкмөттүн болгон-бүткөн “ырыскысы-тарыхы” күлгө айланды... Эксперт кампада электр зымы болгон эмес, “замыкание исключается” дейт. Демек өрт “киши колдуу” болгон. Архивди өрттөп жиберүүгө кимдер кызыкдар болушу мүмкүн? Бул суроого жоопту 5–класстын болбосо да 7-класстын окуучулары тапса керек! Бирок, бир гана Сузактын прокуратурасы менен милициясынын “башы” жетпей маң. Далил жетишсиз имиш! Далил өзү сойлоп келбейт да өрткө окшоп, аны издеп табыш керек! А өзүнө керек учурда “далилди” кантип табышканын коомчулук билет! Эч нерсе эмес, бир жолу мамлекет чыгым тартса тартыптыр да... дешти окшойт. Анткени, ошол учурдагы айыл өкмөт башчысы Сузактын эң таасирдүү адамдарынын бири, т.а. 2021-жылдагы президенттик шайлоодо Сиздин штабды жетектеген туугандардын карачечекей уулу экен...

Айтмакчы, былтыр күздө тендер менен сатып алган көмүрлөр айыл өкмөттөгү 4 мектепте өзүнөн-өзү өрттөнүп кеткени да факт. Видеотасма, ж.б. далилдер турат. Бирок "тендерди ким өткөрдү, ким утту, ким каерден ташып келди, тоннасы канчадан айланган, а эмнеге өзү өрттөнөт" деген суроого эч кимиси жооп бербейт. Унчукпоо баарына ыңгайлуу...

Мындан сырткары “Жума” базар деген проблема бар Сузактын борборунда. Өткөн кылымдын 90-жылдарынан кийин бирөөгө муниципалдык менчиктеги жер менчикке берилип кетип, 2018-жылы иш Жогорку сотко чейин жетип, менчик укугу жокко чыгарылган. 4 жылдан бери айыл өкмөт, “Кадастр” ММси, прокуратура, милиция жерди кайра муниципалдык менчикке алалбай келет. Эмнеге? Ушундайы “ыңгайлуу” деп эсептешет...

### 3. Ноокен райондук прокуратурасы жөнүндө

Көптөн бери “Джумабеков” деген адам Ноокендин прокурору. Бул фамилия Сизге деле тааныш. “Ротация” шамалы ага тийбейт. Ноокен айыл өкмөтүнүн башчысы бар А.Нарматов деген. Экөө шилекейлешкен дос деп айтышат. Чындыгы бардай. Анткени, буга чейин айыл кеңешин төрагасы болуп турган А.Нарматов “сессиянын” протоколун жасалмалап, болбогонду “болду” кылып, Кытайда окуган бир тууган инисинин контрагын айыл өкмөттүн эсебинен төлөп жүрө берген! Далилденген. Ну и что! Досу – прокурор Джумабеков болгондон кийин...

Узарып кетти окшойт, урматтуу Президент! Элмирбек акын айткандай “азыраак айттым сөздөрдү, айламдын гана жогунан”. Убактыңызды алсам, кечиргейсиз. Анан гезит аркылуу жообун калкка кабарлап койсоңуз ырас болот эле! Саламатта болуңуз!

Айтмакчы, мен кыскартып айткандардын толук “варианты” Баш прокурор Курманкул Токторалыевичте бар. Бир нече жолу жөнөткөм почтодон. Өзүм колум менен да бергем. Андан калса быйыл жайында Жалал-Абадга жолугушууга келгенде оозеки да айтып бергем.

Если что, вопрос болуп калса дегеним...

***Маалымат үчүн:***

**“Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамы**

2-бёренинин 1-пункту:

Кыргыз Республикасынын прокуратурасы мыйзамдын үстөмдүгүн, мыйзамдуулуктун биримдигин жана чындалышын, ошондой эле инсандын, коомдун жана мамлекеттин мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарынын сакталышын камсыз кылуучу мамлекеттик орган болуп саналат...

***(Аттиң, гезит бети өлчөлүү! Болбосо 2-пункту мындан да кооз, мукам, уккулуктуу эле да, уктап калмаксыздар...)***

**Анарбай ОРОЗОВ,**
**Антикоррупциялык элдик көзөмөл (АКЭК) коомдук бирикмесинин Жалал-Абад облусу боюнча координатору**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Ала-Тоодон Анадолуга

# БУРСАДАГЫ ТҮРК МАДАНИЯТЫНЫН МАЙРАМЫ

Түркиянын Бурса шаарында ноябрдын алгачкы беш күнү түрк дүйнөсүнүн маданий ишмерлеринин, кино жаратмандардын жана таланттуу өнөр адамдарынын башын кошкон жалпы түрк маданиятынын күндөрүнө айланды. Үстүбүздөгү жылы ТҮРКСОЙ уюму Бурса шаарын түрк дүйнөсүнүн маданий борбору деп жарыялаган. Мына ушул тарыхый Бурса шаарында түрк тилдүү өлкөлөрдүн II Коркут Ата кинофестивалы болуп өттү.






KORKUT ATA
TÜRK DÜNYASI FILM FESTIVALI



## КОРКУТ АТА КИМ БОЛГОН?

Акындыктын пири, күүнүн атасы Коркут Ата болжолу IX кылымдарда жашап өткөн экен. Ал ошондой эле ойчул, көзү ачык, агартуучу болгон. Ал жашаган доордогу окуялар, анын айткан-деген насаат сөздөрү ооздон-оозго, урпактардан урпактарга өтүп жүрүп отуруп кийин орто кылымдарда кагазга түшүрүлүп “Коркут Ата китеби” деген ат менен биздин күндөргө жетти. Бул ысым жалпы түрк дүйнөсүнө кеңири таанымал жана дээрлик бардык түрк тилдүү элдер ага өздөрүн байланыштырышат. Анткени, анын мурасы бардык түрк тилдүү элдердин салт-санаасына жакын жана окшоштуктар көп. Ошол себептүү Коркут Ата жалпы түрк тилдүү элдердин орток мурасы десек болот. Демек, Түркия мамлекетинин демилгеси менен өтүп жаткан кинофестивалдын Коркут Атанын ысымын алышынын жүйөсү ушундай.



"Коркут Ата" кинофестивалынын жыйынтыктоочу бешинчи күнү кызыл килем төшөлүп, фестивалдын жеңүүчүлөрүнө сыйлыктар тапшырылды. Салтанаттуу аземде Түркиянын маданият жана туризм министри **Мехмет Нури Эрсой** фестивалдын идеясы пайда болгондон баштап биринчи кезекте кино аркылуу маданий байлыгыбызды ачып көрсөтүү жана мүмкүн болушунча көп катышуучулар менен ар түрдүү аспектиде ишке ашыруу болгонун айтты. Министр мырза Коркут Атанын кобуз (комуз) ойнолгондо “шамал токтоп, тоо жылып, чымчык учпай, суу токтойт” деп легендага айланган сөзүн келтирип, бул биздин түрк элинин искусствону уникалдуу сүрөттөөсү деп белгиледи. Бул сүрөттөө Коркут Атанын ички рухий деңгээлин көрсөтүп турса да, табият адамды уга тургандыгы, аны менен бир экендиги боюнча жалпылык феноменди эске салат деди министр. Баса, экинчи ирет өтүп жаткан кинофестивалдын тематикасы табиятка арналды.

Фестиваль “Курманжан Датка” фильми менен ачылды. Жалпысынан фестивалга түрк тилдүү мамлекеттерден 24 фильм жарышка түшсө, дагы 28 тасма фестиваль алкагында кино сүйүүчүлөргө тартууланды. Кыргызстандан фестивалга Таалай Кулмендиевдин “Үй сатылат” көркөм тасмасы жана документалдуу фильмдер тематикасы боюнча Асель Жураеванын “Кыргыздын кыраан кыздары” тасмасы сынакка сунуш кылынды. Мындан тышкары киносүйүүчүлөргө Айбек Дайырбековдун “Дарак ыры”, Бакыт Мукул менен Дастан Жапар уулунун “Эдемге карай жол” тасмалары көрсөтүлдү.

## БИРГЕЛЕШКЕН ДОЛБООРЛОРДУ ИШКЕ АШЫРУУ МҮМКҮН

Фестивалдын төртүнчү күнү түрк киносунун бүткүл дүйнөлүк II саммити өттү. Эске сала кетсек, былтыркы жылы алгач ирет Стамбулда өткөн "Коркут Ата" кинофестивалынын алкагында түрк киносунун I саммити өткөн. Саммиттин ачылышынан кийин түрк режиссёрунун адам менен табияттын байланышы жөнүндөгү кыска тасмасы тартууланды.

Саммитке түрк дүйнөсүнөн 6 өлкөнүн өкүлдөрү катышып, ой-пикирлерин ортого салышты. Саммитти ачып Түркиянын маданият жана туризм министринин орун басары **Ахмет Мисбах Демиржан** кинофестивалдын катышуучуларын бир столго отургузуп, бири-бири менен тааныштыруу жана көңүлдө баккан же баштап жаткан долбоорлорду ортого салып, колдоого алуу негизги максат экенин белгиледи. ТҮРКСОЙдун Баш катчысы Султан Раев дагы сөз сүйлөп, түрк дүйнөсүнүн кино жаратмандарынын башын бириктирип, бирдиктүү платформа түзсөк деген пикирин айтты. Ошондой эле Бурса шаарынын мэри Алинур Акташ жана шаардык парламент депутаттары сөз сүйлөштү.

Саммиттин катышуучулары ортого чыгып, өз долбоорлору менен тааныштырып, болочоктогу тасмаларынын канчалык актуалдуулугун, кандай пландаштырып жатканын айтып беришти. Голливуддагы казак режиссёру **Тимур Бекмамбетов** өзүнүн Кожо Насреддин долбоору боюнча мындай деди: “Баарыбыздын башыбызды кошо турган персонаж издедим. Кожо Насреддин адамдардагы баалуулуктарды бекем карманган, ошол эле учурда шаңдуу персонаж. Аны бардык элдер билет, жакшы көрөт. Азыр ушул долбоорду даярдап жатам. Бир эле окуянын ичинде миңдеген окуялар бар, сүйүү да болот. Насреддиндин окуялары анын минген эшегинин оозу менен айтылат. Азыр артисттерди карап, бул долбоордун үстүндө иш жүрүүдө”, - дейт белгилүү режиссёр. Тимур Бекмамбетовдун пикиринде Американын эң маанилүү күчү Голливуд, кино менен жаштар өсүүдө. Ал Түрк дүйнөсү жаңы ойгонуп жатканын, маданияттын чеги жок экенин айтты.

Саммитте Кыргызстандан барган **Аскат Табалдиев** дагы өз долбоорлорун тааныштырып, эрте никеге туруу сыяктуу социалдык көйгөйдү камтыган “Ала качуу” сыяктуу бир катар долбоорлордун үстүндө иштеп жатканына токтолду.

**Адилет Акматов** дагы саммитте өз долбоорлорун жактап, сунуш кылуу үчүн барган. Тактап айтканда, анын каскадёрлордун кызматын сунуш кылуу жана жаратылышты коргоо боюнча кино долбоорлору бар.

Ал эми Түркиянын ТРТ АВАЗ телеканалынын кино тармагынын жетекчиси **Фарух Гувен** түрк дүйнөсүнүн режиссёрлору менен иштеше тургандыгын жана аларга кайрылуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөнүн билдирди. Анын айтымында кинодолбоорлорду январь айында кабыл алып, жеңүүчүлөр июль айында аныкталат. Ошондой эле жаш режиссёрлорго тажрыйба бөлүшүп, колдоолорду көрсөтүүгө даяр. ТРТ каналы аннимациялык жана сериалдарды тартуу жагынан дүйнөгө таанымал.

Белгилей кетсек, биринчи Коркут Ата кинофестивалында эле түрк дүйнөсүнүн кино фондун түзүү ниети боюнча декларацияга кол коюлган. Андыктан келечекте өз кинодолбоорлорун сунуш кылган авторлордун арасынан иргелип, каржылык жана башка колдоо көрсөтүлүшү толук ыктымал. Фонддун каражаты менен биргелешкен тасмаларды тартуу мүмкүнчүлүгү бар. Азыркы учурда фондго Азербайжан жана Түркия өлкөлөрү кирип, 50 млн доллар эсебинде каражат топтолгон. Келечекте башка түрк тилдүү мамлекеттер дагы өз салымын кошсо ири долбоорлорду ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

## КАЛИПА ТАШТАНОВАНЫН СЫЙЛЫГЫ

Кинофестивалдын жыйынтыгында “Жылдын мыкты фильми” номинациясында “Өзбекфильм” тарткан “Аялдын тагдыры” тасмасы гран-приге татыктуу болду.

“Курманжан Датка” фильмин тарткан режиссёр, учурда Кыргыз Республикасынын Франциядагы элчиси **Садык Шер** “Түрк маданиятына кошкон салымы үчүн” номинациясы менен сыйланды. Кинофестивалга сунуш кылынган Таалай Кулмендиевдин “Үй сатылат” тасмасында роль аткарган **Калипа Таштанова** “Аялдын мыкты ролу үчүн” номинациясы боюнча жеңүүчү болду. Ал эми “Эркектин мыкты ролу үчүн” сыйлыгы казакстандык актёр **Кайрат Кемаловго** “Ак боз үй” көркөм тасмасында аткарган ролу үчүн ыйгарылды. Мындан башка бир катар сыйлыктар өз ээлерине тапшырылды.

## ТҮРК ЭЛДЕРИНДЕ ТАРЫХЫЙ ОРТОК ДҮЙНӨ БАР

**ТҮРКСОЙдун Баш катчысы Султан Раев:** Фестиваль жалпы түрк дүйнөсүн кино дүйнөсүндө бириктирүү, биргелешип фильм тартуу менен катар эле которуу, дубляж, көрсөтүү сыяктуу иштерде кызматташат. Биз бирибирибиз менен кино, маданий байланыштарды чыңдоо максатын койдук. Анткени, түрк дүйнөсүндө тарыхый орток дүйнөбүз бар. Мисалы, мына Түркиянын Изник шаарында сельчуктардын доорунда согушкан Кыргыздардын күмбөзү бар. Ошондой эле орток темаларды көтөрүү максаты да турат. Же болбосо “Өзбекфильм” менен Түркиянын ортосунда чоң долбоор башталды. Алардын башын кошкон бир механизм болушу керек. Учурда түрк дүйнөсүнүн кинофондун түзү боюнча иштер болуп жатат. Бул фонддун каражаты менен биргелешкен фильмдерди тартса болот. Бизде да чоң долбоорлор бар, аны ишке ашырганга күчүбүз жетпейт. Мисалга айтсак, Манасты масштабдуу чоң фильм кылып тартканга чоң каражат керек. Фестиваль ушундай улуттук өзгөчө долбоорлорду жылдырууга колдоо көрсөтө тургандай деңгээлде болушу зарыл. Ошол эле учурда улуттук долбоор түрк дүйнөсүнө кандайдыр бир байланышы, салымы болушу керек.

## "КОРКУТ АТА" КИНОФЕСТИВАЛЫНЫН КЕЛЕЧЕГИ ЧОҢ

**Кинофестивалга конок катары катышкан кинорежиссёр Замир Эралиев:** Мага Коркут Ата кинофестивалы жакты. Мен бул фестивалдын келечеги чоң деп ойлойм. Мында түрк мамлекеттери биригип, бири-биринин кинолорун сынап, биргелешип иштөөгө шарт түзүлүп турат. Бири-бирибизди сынабасак күчтүү тасмалар тартылбайт да. Буга чейинки менин байкоомдо биздин жаштарыбыз бир аз сынга көтөрүмү жок болуп жатат. Күчтүү тасмаларды тартып алып чыгышыбыз керек. Бул фестивалдын түпкү максаты да ушул деп ойлойм. Бурсада биз баарыбыз бири-бирибизди көрдүк, пикир алыштык, келечегибизди талкууладык. Ушунун өзү жакшы башталыш деп ойлойм.

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**
**Бишкек–Бурса–Бишкек**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо
№98 (3433)
2022-жылдын 11-ноябры


КӨҢҮЛ БОРБОРУНДА

Билим берүү жана илим министрлиги өз тармагында алгылыктуу реформаны жүзөгө ашыра баштагандан кийин министрликте кайрадан жетекчи алмашты. Мурунку министр чуулгандуу ишке аралашканы айтылып, ишинен алынган. Учурда министрликти Уланбек Мамбетакунов жетектеп турат. Биз жаңы министрге билим берүү тармагындагы башталган реформалар тууралуу суроолорду узаттык.



Билим берүү жана илим министри Уланбек МАМБЕТАКУНОВ:

# “РЕФОРМА МИНИСТРЛЕРДИН АЛМАШУУСУ МЕНЕН ЭЛЕ ТОКТОП КАЛБАЙТ”

**- Уланбек Эсенбекович, сиз мурдагы билим берүү жана илим министри Алмазбек Бейшеналиевдин орун басары болуп иштеп турган чакта тармакта бир топ реформалар башталган эле. Бирок, министр чуулгандуу окуяларга байланыштуу кызматынан кетти. Кыргызда “Жаңы шыпыргы жаңыча шыпырат” деген сөз бар. Мындан кийин мурунку министрдин тушунда башталган реформалар уланабы же өзүнүз жаңы багытта иш алып барайын деп турасызбы?**

- Министрликте башталган реформалар жана иштер уланып жатат. Биздин негизги максатыбыз жаш муундардын сапаттуу билим алуусун камсыздоо, билим берүү системасын ага ылайык жакшыртуу, өнүктүрүү болуп эсептелет. Реформалар биринчи кезекте учур талабы жана коомчулуктун кызыкчылыгы үчүн жасалгандыктан министрлердин алмашуусу менен эле токтоп калбайт. Учурда башталган иштерди ишке ашыруу боюнча иш уланууда. Андан тышкары, билим берүү мекемелеринин инфраструктурасын чыңдоо жана окуу каражаттары менен камсыздоо, мугалимдердин билимин жогорулатуу жана алардын иштөөсүнө шарт түзүү жагына көңүл бурулууда. Бул жылы башталган бардык реформалар өз нугунда ишке ашып жатат.

**- 12 жылдык окууга өтүү демилгеси көтөрүлдү эле. Бул идея кайсыл жылы ишке ашмай болуп жатат?**

- Билим берүү жана илим министрлиги «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын жаңы долбоорун даярдап жаткандыгын билесиздер. Аталган мыйзамда бир топ кайра иштеп чыгууну талап кылган беренелер бар. Мисалга алсак, Кыргызстандын билим берүү системасы мектепке чейинки, мектептик (башталгыч жалпы, негизги жалпы, орто жалпы), кесиптик (башталгыч, орто жана жогорку), ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнү камтыйт. Байкасаңыздар, булардын арасында мектепке даярдоо деңгээли жок. Бирок, 2013-жылы аталган мыйзамга 15-1 беренеси кошулуп, билим берүү деңгээли эмес, “Мектепке даярдоо программасы” деп киргизилген. Бул эмнени билдирет? Аталган программа - мектепке чейинки билим берүү жана мектептик билим берүү деңгээлинин ортосундагы ишке ашырылуучу программа деп түшүндүрсөк болот. Бир дагы өлкөнүн билим берүү системаларында бул деңгээл жок. Ошондуктан, биз дагы программанын ордун табуу жана тийиштүү деңгээлде иштетүү максатында мыйзамдаштырышыбыз зарыл. Негизи 2015-жылдан баштап өлкөбүздө 6 жаштан балдарды мектепке даярдоо иштери жүргүзүлөт. Тилекке каршы, программаны аткаруу милдеттүү болбогондуктан, биз жылына 6 жаштагы балдардын 70 пайызын гана мектепке даярдап жатабыз. Ал эми калган 30 пайыздын ичине кирген балдар мектепке даярдыгы жок келип, көйгөйлөр жаралууда.

Айылдарда болсо бала бакчалар аз, мектептер гана бар. Ушул себептен бул программанын негизги максатын эске алып, мектептик билим берүү деңгээлине аталган программаны кошуп, 12 жылдык окуу мөөнөтүн кабыл алууну туура көрүп жатабыз.

**- Өлкөдө мектеп директорлорун сынактын негизде жумушка кабыл алуу биринчи жолу жүргүзүлдү. Бирок, жаңыдан жумушка дайындалган директорлордун билим берүү системасында иштебегендиги тууралуу маалыматтар айтылды. Сынак менен директорлорду кабыл алуу өз жемишин беререрине ишенесизби?**

- Директорлорду сынак менен кабыл алуу токтоп калган жок. Азыр да бош орундарга сынактар уюштурулуп жатат. Мен айрым мектептерге даярдыгы жок директорлор келди деген ойго кошулбайм. Директорлук кызматка өткөн талапкерлердин баары билим берүү системасынан келген мыкты адистер. Биз жаңы шайланган жана иштеп эле жаткан жетекчилерге мектеп башкаруунун жаңы формалары, тажрыйба алмашуу жана башка иш-чараларды уюштурууну гана максат кылып жатабыз. Азыр тармак башкаруунун жаңы формаларына муктаж.

**- Билим берүү министрлиги кулачын кенен жайган министрликтердин бири. Ошондуктан бул тармакка сын көп айтылат. Маселен, кесиптик билим берүү өзүнчө эле. Бирок, анын министрликке кошулушу ар кандай пикирлерди жаратып келет...**

- Туура айтасыз. Бул министрлик ар бир адамдын көңүл чордонунда. Ар бир үйдө бала бар дегендей. Алардын келечеги бул системага байланыштуу болгондуктан сын айтылбай койбойт. 18-ноябрда Башталгыч кесиптик билим берүү системасы өзүнүн 80 жылдыгын белгилейт. Тармак 80 жыл аралыгында көп өзгөрүүлөргө дуушар болду. Бир топ жетекчилер алмашып, түзүмү да өзгөрүлдү. Бирок, өзгөрүүлөрдүн баары мыкты билим берүү үчүн жасалган аракеттердин аркасында болгон. Ошондуктан 2021-жылдан тарта бул тармак Билим берүү жана илим министрлигинин карамагына өткөн. Министрликтин карамагына өтүү менен башталгыч кесиптик билим берүүнүн арышы, мүмкүнчүлүктөрү кеңейди деп айта алам. Жалпысынан алганда, бул жаатагы позитивдүү өзгөрүүнү сөзсүз белгилей кетүү керек. Буга өлкө жетекчилигинин биз жүргүзүп жаткан реформаларды колдоп, башталгыч кесиптик билим берүү системасын экономиканын кыймылдаткыч факторy катары карап жатканы да айгинелеп турат. Алдыда бир топ алгылыктуу иш-чаралар күтүлүүдө. Бир эле мисалды айтсам, кесиптик лицейлерде дуалдык окутуу киргизилгени турат. Тагыраагы, окуучулар теориялык маалыматты аудиторияларда, ал эми практикалык тажрыйбаны жумуш ордунан алышат. Эгерде бул тармакты министрликтен бөлүп сала турган болсок, башталган реформалардын баары ойрон болуп, кайра артка кетет. Мындан тышкары, ушундай кыйынчылык менен түзүлгөн бирдиктүү билим берүү системасы бузулат. Андыктан, тармакты министрликтен кайрадан бөлүп салуу туура эмес деп эсептейм.

**- Сизди буга чейин мугалим, илим адамы катары таанычубуз. Жетекчилик кызматты кандай маанайда баштадыңыз?**

- Буга чейин мугалим болуп, илим жаатынын өкүлү катары билим берүү жана илим тармагына аздыр-көптүр салым кошуп келдим. Бирок, жетекчи катары да иштеп калдым. Насип экен, элибизге Билим берүү жана илим министри катары кызмат өтөө да буюрду. Андыктан элибиз үчүн, жаш муундун сапаттуу, татыктуу билим алуусу үчүн ак кызматымды өтөп берем деген изги тилегим бар.

Азыр күнүгө жолугушуулар болуп жатат. Жарандар келип өздөрүнүн көйгөйлөрүн айтышат, айрымдары соцтармактар аркылуу кайрылышууда. Ар бир жолугушуу, баарлашуу көп көйгөйлүү маселелердин чечилишине жакшы шарт түзүп жатат. Андан тышкары, өнөктөштөр менен биргелешип иштөөнү да кызуу алып баруудабыз.

**- Окуучулардын саны өтө көбөйдү. Буга чейин эле демографиялык процесстер эске алынып, алдын ала мектептер салынып, кайсы облуста баланын саны көп экендиги аныкталып, маселе критикалык чекитке жетпеши керек эле. Азыр бир класста кырктан ашык бала окуган мектептер бар. Сиз азыркы демографиялык процесстерге көңүл бурасызбы?**

- Ооба, жылдан-жылга мектеп окуучуларынын саны өсүүдө. Азыр биздин мектептерде 1 млн 407 миң окуучу бар. Быйыл 7 миллионунчу жараныбыз төрөлдү. Демек, бизге дагы мектептер керек болот. 2022-жылдын жыйынтыгы менен республика боюнча жалпысынан 86 билим берүү объекттери – 70 мектеп, 9 бала бакча, 7 спорт комплекстин курулушу бүтөт. Бул жагына мамлекеттибиздин жетекчилери тарабынан абдан жакшы көңүл бурулуп жатат. Демографиялык процесстерди биз сөзсүз эске алып турушубуз зарыл. Ансыз көйгөйлөр көбөйө берет.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

АЛА-ТООДОН АНАДОЛУГА

# ШУШЕ ШААРЫ – 2023-ЖЫЛЫ ТҮРК ДҮЙНӨСҮНҮН МАДАНИЙ БОРБОРУ



Бурсада “Коркут Ата” кинофестивалынын учурунда Султан Раевдин төрагалыгы астында ТҮРКСОЙдун маданият министрлеринин туруктуу кеңешинин 39-отуруму болуп өттү. Анда түрк дүйнөсүндө маданият тармагында кызматташууну терендетүү маселелери боюнча пикир алышуу болду. Карым-катышты, маданий баалуулуктарды, ар түрдүү биргелешкен иш-чараларды жайылтуу тууралуу ойлор ортого салынды. Кино тармагында гана эмес, түрк элдеринин маданиятын, каада-салтын дүйнөгө таанытуу түрк дүйнөсүнүн кадыр-баркын көтөрөт деген пикирлер болду.

